УДК 338.48

# КЫРГЫЗСТАНДАГЫ КИРЕШЕЛЕРДИН БУЛАГЫ КАТАРЫ ТУРИЗМ

**М. Байгонушева**, магистрант, Кыргыз-Түрк «Манас» университети
<maryam.9@mail.ru>

# TOURISM AS SOURCE OF INCOME IN THE ECONOMY OF KYRGYZSTAN

**M. Baygonusheva**, Master Student of the Kyrgyz-Turkish Manas University
<maryam.9@mail.ru>

# ТУРИЗМ КАК ИСТОЧНИК ДОХОДОВ В ЭКОНОМИКЕ КЫРГЫЗСТАНА

**М. Байгонушева**, магистрант, Кыргызско-турецкий университет «Манас»
<maryam.9@mail.ru>

**Abstract**

Tourism, recognized as one of the most important service sectors that enable countries to earn gains in economic, social and cultural fields. İn this study both income from tourism and the importance it has on Kyrgyzstan`s tourism is disscussed along with how it effects the Kyrgyz`s economy is evaluated. Tourism industry continues to be one of Kyrgyzstan's most important sources of development. Therefore the developed and developing countries with a tourism potential, aim to raise the level of country's welfare by accelerating the economic development, as well as by extending revenue to the base, by especially emphasising on international tourism activities.

In this study, for the period of 1995-2013, relationships between economic growth and tourism, have been analyzed by the method regression. The empirical findings obtained have shown that tourism has had a positive effect on economic development, and there is a mutual relationship between the two variables in the long term.

**Key words:** economic development, tourism, regression analysis.

**Аннотация**

Туризм признан одной из наиболее важных отраслей, являющихся источником доходов. И в экономике Кыргызстана индустрия туризма признается одним из приоритетных секторов. В статье исследуется влияние туризма на экономическое развитие Кыргызстана, в соответствии с критериями развития.

В данном исследовании взаимосвязь между экономическим ростом и туризмом была проанализирована за период 1995-2013 гг., с помощью метода регрессии. В результате выявлено, что туризм оказывает положительное влияние на экономическое развитие и существует взаимосвязь между двумя переменными в долгосрочной перспективе.

**Ключевые слова**: экономическое развитие, туризм, регрессионный анализ.

## Кириш сөз

XX кылымдын экинчи жарымынан баштап туризм дүйнөлүк экономикада эң тез өнүккөн секторлордун бирине айланган. Ал негизинен регионалдык жана улуттук өнүгүүнүн булагы болуу менен бирге киреше, жумуш орундарын түзүү, салык кирешелерин көбөйтүү жана төлөм балансындагы маселелерди чечүүдө да чоң роль ойнойт. Ошондуктан башка экономикалык сектор-лорго караганда анын күчтүү мультипликатор эффектине ээ экендигин айтууга болот. Ал түз же кыйыр түрдө 32 экономикалык секторго (турфирмалар, транспорттун баардык түрү, мейманканалар, тамактануу системалары, эс айлуу жайлары, санато-рийлер, улуттук кол өнөрчүлүк, улуттук парктар ж.б.) таасир берет. Өнүккөн жана

өнүгүп келе жаткан көпчүлүк өлкөлөрдө жасалган изилдөөлөр боюнча туризм экономикалык өнүгүүнүн жана өсүүнүн эң негизги булактарынын бири экендиги далилденген (Diamond, 1977: 539; Britton, 1982: 332; Copeland, 1991: 515).

1950-жылдарда дүйнөдө туристтердин саны 25.3 млн болгондугун эске алсак, болжол менен акыркы 50 жылдын ичинде дүйнөлүк туризм иш-аракеттери 2631% га (болжол менен 27 эсеге) арткан. Бул сан 2020-жылдары өз кезегинде 1.6 млрд адам жана 2 трлн долларга (Cho, 2003:323), 2050-жылдары болсо 2 млрд адам жана 2.1 трлн доллар болуусу күтүлүүдө. Ошондой эле 2050-жылдары дүйнө боюнча ички жана тышкы туризм кирешелеринин жалпысынан 24.2 трлн долларга жетүүсү болжолдонот (Pizam, 1999). Муну менен катар Дүйнөлүк Туризм жана Саякат Советинин (WTTC) маалыматы боюнча дүйнөдөгү жалпы жумушчу күчүнүн 11,1% ына туура келген 255млн дон ашык адам туризм секторунда эмгектенгендиги маалым (Papatheodorou, 1999: 619).

Кыргызстанга келе турган болсок, туризм индустриясы өлкө экономикасында приори-теттүү секторлордун бири катары таанылат. Статистикалык жана эмпирикалык маалымат-тар Кыргызстандагы туризмге жылдан-жылга кызыгуу арткандыгын жана туристтердин саны жана алардан түшкөн кирешенин өскөндүгүн көрсөтөт. Мисалы, 90-жылдардын башында өлкөбүзгө 30 өлкөдөн туристтер келсе 2010-жылдан кийин 100 дөн ашык өлкөдөн келе баштаган. Статистикалык Комитеттин маалыматы боюнча 2013-ж. Кыргыз Республикасына келген чет өлкөлүк жарандардын саны 3,1 млн. адамды түзгөн, бул 2009-жылга караганда 1,4 эсеге, ал эми 2001-жылга салыштырмалуу 2,2 пайызга көп. КМШ өлкөлөрүнөн өлкөбүзгө келгендердин саны 2,9 млн. адам (чет өлкөлүк туристтердин жалпы санынын 95,1 пайызы) жана КМШдан тышкаркы өлкөлөрдөн 152,8 миң адам (4,9 пайыз). Чет өлкөлүк туристтердин негизги агымы Казахстандан, Россиядан, Өзбекстандан, Тажикстандан, Кытайдан, Германиядан, Турциядан жана АКШдан болгон (stat.kg).

Бул изилдөөнүн эң негизги максаты, өнүгүү критерийлеринин негизинде Кыргыз-станда туризм кирешелеринин эффективдүүлүгүн жана анын экономикалык өнүгүүгө кандайча жана канчалык деңгээлде таасир эткендигин анализдөө болуп саналат. Туризм секторунун 1995-жылдан баштап өнүгүүсүн жана ошол учурдагы өлкөнүн саясий кырдаалын эске алып, 1995-2013-жылдардагы статистикалык маалыматтар алынды жана анализде регрессия ыкмасы колдонулду.

**Изилдөөлөр**


Темага байланыштуу дүйнөлүк изилдөө-лөргө караганыбызда кыскача төмөндөгүчө мүнөздөөгө болот: Ким жана башкалар (2006: 925–933) туризм жана экономикалык өнүгүү арасындагы байланышты Тайвань мисалында изилдешип, алардын арасындагы байланышты аныктоо үчүн ИДП жана келген турист саны аркылуу Грейнжер Себептүүлүк тестин жасаган, анализ жыйынтыктары боюнча туризм жана өнүгүү бири-бирине оң таасир берээрин айтышкан. Скеритт жана Хайберс (2005: 23–43) эл аралык туризмдин экономика-лык өнүгүүгө таасирин изилдөө үчүн экономикасы өнүккөн 37 өлкөнүн негизинде эмпирикалык изилдөө жасашып, жыйынтыгында анализге катышкан өлкөлөр үчүн туризмдин ИДПга оң таасири бар деп табышкан. Бреннер жана Агилер (2002: 500–520) Мексикадагы люкс туризм жана региоалдык экономикалык өнүгүүнү изилдеген изилдөөлөрүндө мамлекеттик колдоолорго карабастан, экономикалык өсүүндө, киреше жана жумушчу күчүн өнүктүрүүдө туризм секторунун жалпы өндүрүштө 5%дан дагы аз салым кошкондугун жана туризмге байланыштуу кесиптердин көбү туруксуз жана төмөн квалификациялуу деген жыйынтыкка келишкен. Эндрю (1997: 721–735) Корнуоллдогу туризм жана экономикалык өнүгүүнү изилдеген эмгегинде Англиядагы мейманкана база-сындагы туризмдин экономикага болгон салы-мын анализдөөнү максаттап, натыйжада ту-ризмдин өнүгүүсү экономиканын өнүгүүсү үчүн ылайыктуу стратегия эмес деген жыйын-тыкка келген. Тосун жана башкалардын (2003: 133–161) Турциядагы туризмдин өнүгүүсү, улуттук өнүгүү жана регионалдык теңсиздик аттуу эмгегинде туризмдин Турциянын өнү-гүүсүнө болгон таасири изилденген. Изилдөөнүн жыйынтыгы боюнча туризм: өлкө

экономикасында маанилүү ролго ээ экендиги далилденген. Валюталык муктаждыктарын азайтууда, жумуш орундарын түзүүдө, экономикалык өсүү, региондор арасында тең-салмактуулукту сактоодо жана кедейчиликти жок кылууда туризм негизги курал катары колдонулгандыгын айтышкан.

Жогорудагы белгиленген туризм жана экономикалык өнүгүү арасында жасалган изилдөөлөрдө туризмдин регионалдык жана улуттук экономикага таасири ар түрдүү жана ар башка өлкө, региондордо жасалган. Туризм секторунун Кыргызстан экономикасы үчүн ролун караганыбызда: туризмдин экономикалык көрсөткүчтөрү аркылуу кыйыр таасир-лерин анализдеген бул изилдөө, экономикага туризм сектору менен Кыргызстандын эконо-микалык өнүгүүсү арасындагы байланышын көрсөтүүсү менен салымын кошот.

**Модель жана маалыматтар**

Бул изилдөөдө Кыргызстандын туризм кирешелерин экономикалык жактан анализдөө үчүн Кыргызстан Статистикалык Комитети жана Дүйнөлүк Банктын 1995-2013-жылдардагы жылдык статистикалык маалыматтары колдонулду.




1995-2013-жылдардагы Кыргызстандын туризм кирешелери

Жогорудагы графиктен да көрүнүп тургандай каралган жылдар аралыгында өлкөнүн туризмден алган кирешелери дээрлик өсүү багытында болгон. Ал эми кирешелердин төмөндөөсүнүн негизги себептери (1998-ж., 1999-ж., 2005-ж., 2010-ж.) экологиялык, экономикалык жана саясий кырдаалдарга байланыштуу туристтердин санынын кыскаруусу менен байланыштуу болгон. Мисалы, 1998-жылы Ыссык-Көлдө цианиддин сууга кошулуп кетүүсү боюнча авариянын натыйжасында туристтердин саны (мурунку жылга салыштырмалуу 20миң кишиге) кыскарып кеткен. 1999-жылы баардык ММКнан да белгилүү болгон “Баткен окуясына” байланыштуу Кыргызстанга келген туристтердин саны 1996-жылдагыга чейин түшкөн, мындан сырткары 2004-жылдагы “президенттик шайлоолор” жана 2005-жылдагы жана 2010-жылдагы революция туристтердин санын кескин төмөндөткөн-дүгүн айтууга болот. Бирок ошого карабастан туризм сектору калыбына келүү мүмкүн-чүлүгүнө ээ экендигин таблица далилдеп турат.

**Туризм кирешелерин регрессиялык ыкманын негизинде тестирлөө**

Туризм кирешелеринин эффективдүүлүгүн аныктоо үчүн регрессия модели колдонулмакчы. Регрессия өзгөрүүчүлөр арасындагы байланыштарды өлчөө максатында колдонулат. Жөнөкөй түз регрессия нормалдуу таралган, убакыт сериялары болсо бирдей аралыктарда топтолгон өзгөрмөлөр арасында түз байланыш бар же жок экендигин аныктайт. Анализде өзгөрмөлөр катары туризм секторунун да таасири болгон өнүгүү көрсөткүчтөрү алынды, алар: дүң ондүрүм (ido), жумушсуздук саны (ishs), балдардын өлүү саны (bos), туризм кирешелери (tkir), келген туристтердин саны (tursan), киши башына түшкөн ички дүң ондүрүм (kido), керектөө баа индекси (kbi) түрүндө, 1995-2013-жылдарга тиешелүү статистикалык маалыматтар Кыргызстан Статистикалык Комитети жана Дүйнөлүк Банктын маалымат базаларынан топтолуп, млн АКШ долларына айландырылды.

Анализибиздин биринчи этабында өзгөрмөлөрүбүздү стационардуу абалга алып келүүбүз зарыл. Себеби, стационардуу эмес өзгөрмөлөр менен иштөө убакыт серияларында жалган регрессияга, тагыраак айтканда туура эмес жыйынтыктарга жол ачуусу мүмкүн. Ошондуктан алгач жалган регрессиялык байланыш маселесинен арылтуу үчүн ар бир өзгөрмөнүн стационардуулугун текшерүү максатында берилиштердеги автокорреляцияны эске алуучу Кеңейтилген Дики-Фуллер (ADF) жана ошондой эле берилиштердеги гетероскедастикалдуулукту эске алуучу Фил-липс-Перрон (PP) бирдик тамыр тесттери жасалды.

Таблицадан да көрүнүп тургандай өзгөрмөлөрдүн баары стационардуу абалга келген. Белгилей кетчү нерсе: ички дүң ондүрүм (ido), жумушсуздук саны (ishs), туризм кирешелери (tkir), келген туристтердин саны (tursan), киши башына түшкөн ички дүң ондүрүм (kido) чоң сандар болгондуктан логарифмасы алынды жана биринчи айырмасын алганыбызда стационардуу болгондуктары аныкталды, ошондуктан өзгөрмөлөрдүн кыскартууларынын алдына «l» тамгасы кошулду, ал эми керектөө баа индекси (kbi) деңгээлде стационардуу, балдардын өлүү коэфициенти (bos) биринчи айырмасын алганыбызда стационардуу болгон.

Таблица 1 – Бирдик тамыр тесттеринин (ADF жана PP) жыйынтыктары

| | ADF тестинин | | | PP тестинин жыйынтык-ы | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | Константа бар, тренд жок | Константа жана тренд бар | Константа, тренд жок | Константа бар, тренд жок | Константа жана тренд бар | Константа, тренд жок |
| Өзгөрмөлөр | | | | | | |
| жумушсуздук саны (lishs) | -2,95** | -3,36*** | -2,48 | -2,92* | -3,34*** | -2,44 |
| балдардын өлүү клэф (bos) | -4,81* | -5,11* | -0,64 | -4,81* | -5,11* | -0,48 |
| туризм кирешелери (ltkir) | -3,13* | -2,91 | -2,17** | -3,12* | -2,90 | -2,19** |
| келген турн саны (ltursan) | -3,73** | -3,74** | -3,50* | -3,72** | -3,86** | -3,50* |
| киши башына ИДП (lkido), | -2,95*** | -3,25*** | -2,56** | -2,95*** | -3,16 | -2,56** |
| керектөө баа индекси (kbi) | -2,79** | -3,03 | -2,10** | -2,71** | -2,97 | -2,09* |
| *: a = %1, **: b = %5, ***: c = %10 ишеним деңгээлинде бирдик тамыр жок экендигин билдирет. | | | | | | |

Экинчи этапта болсо, Регрессиялык анализди түзүү жеңил болуусу үчүн алгач өзгөрмөлөр арасында Грейнджер себептүүлүк тестин жасоо максатталган. Оптималдуу кечигүү узундуктары: Likelihood Ratio (LR), Final Prediktion Error (FRE), Akaike (AIC), Schwarz(SC) жана Hannan Quınn (HQ) критерияларынын негизинде каралган: 2-таблицадан FPE, AIC жана SC маанилеринин бир багытта болгондугун жана бул критерийлерди минимум кылган 2 кечигүү узундугу экендиги аныкталган.

3-таблицадан болсо өзгөрмөлөр арасындагы байланыштын багытын аныктоочу Грейнджер себептүүлүк тестин көрүүгө болот.

Мында тесттин маанилүү болгондорун анализдей турган болсок: таблицанын оң жагындагы көз каранды өзгөрмөлөргө 2-мамычадагы көз карандысыз өзгөрмөлөр таасир эткендигин көрүүгө болот.

Бул себептүүлүк байланышын колдонуп регрессиялык байланыш түзүүгө болот. Белгилей кетчү нерсе моделде t-статистикасы маанисиз болгон өзгөрмөлөр моделден чыгарылган. Ички дүң өндүрүмдүн регрессиялык жыйынтыгы төмөндөгүчө болмокчу:

DLIDO=0.025+0.249*DLTKIR

Стандарттык четтөө (0.03) (2.79)
t стат. чоңдуктар (0.08) (0.74)

Таблица 2 – VAR кечигүү узундугун аныктоочу критерийлер

| Lag | LogL | LR | FPE | AIC | SC |
|---|---|---|---|---|---|
| 0 | -45.79249 | NA* | 0.000394 | 6.349061 | 6.590495 |
| 1 | -30.59594 | 18.99569 | 0.001624 | 7.574492 | 9.023096 |
| 2 | 28.47079 | 36.91671 | 9.00e-05* | 3.316151* | 5.971925* |

*Критерий тарабынан тандалып алынган кечигүү узундугун көргөзөт.

Таблица 3 – Грейнджер себептүүлүк тести

| Көз каранды өзгөрмө | Көз карандысыз өзгөрмө | Chi-s | Probability |
|---|---|---|---|
| DBOS | KBI | 0.05 | 0.01 |
| | TURSAN | 4.47 | 0.10 |
| | LISHS | 6.38 | 0.04 |
| DLIDO | DLTKIR | 972.80 | 0.00 |
| | DLTURSAN | 281.63 | 0.00 |
| | KBI | 3144.47 | 0.00 |
| | LISHS | 1171.2 | 0.00 |
| DLTKIR | DBOS | 12.29 | 0.00 |
| | DLKIDO | 4.94 | 0.08 |
| | KBI | 13.95 | 0.00 |
| LISHS | DLIDO | 6.36 | 0.04 |
| | DLKIDO | 6.23 | 0.04 |
| | DLTURSAN | 23.30 | 0.00 |

Бул регрессиялык байланыш бизге башка өзгөрмөлөр туруктуу болгондо туризм кирешелери жана улуттук киреше арасында оң байланыштын бар экендигин жана туризм кирешелериндеги 1%дык көбөйүү, ички дүң өндүрүштө 0.25%дык жогорулоого алып келе тургандыгынан кабар берет. Ошондой эле $r^2$=0.32ге барабар болуусу, туризм кирешелеринин ички дүң өндүрүмдөгү өзгөрүүлөрдүн 32.7%дык бөлүгүн түшүндүрө тургандыгын түшүндүрөт.

Экинчи регрессиялык байланышыбыз төмөндөгүчө болмокчу:

DLTKIR=0.12+1.40*DLKIDO

Стандарттык четтөө (0.12) (0.45)
t стат. чоңдуктар (1.81) (3.09)

Бул теңдеме да бизге киши башына түшкөн ички дүң өндүрүм менен туризм кирешелеринин арасында оң байланыш бар экендигин билдирет, демек туризм кирешелери жана киши башына түшкөн ички дүң өндүрүм арасында карамакаршылыктуу байланыш бар, туризм өнүккөн сайын киши башына түшкөн ички дүң өндүрүм, киши башына түшкөн ички дүң өндүрүм өскөн сайын туризм өнүгөт. Жогорудагы регрессиялык байланыштан да көрүнүп тургандай, киши башына түшкөн ички дүң өндүрүм 1%га көбөйгөндө, туризм кирешелери 1.4%га көбөйөт. Башка өзгөрмөлөр туруктуу деп кабыл алсак. Ал эми $r^2$=0.37ге барабар болуусу, киши башына түшкөн ички дүң өндүрүм туризм кирешелериндеги өзгөрүүнүн 37%ын түшүндүрөт.

Үчүнчү теңдемебиздеги t-статистикасы маанисиз болгондорун чыгарып салганыбызда, төмөндөгүчө болмокчу:

DBOS=-0.95LISHS

Стандарттык четтөө (0.06)
t стат. чоңдук (-15.52)

Мындан жумушсуздук жана балдардын өлүү коэфициенти арасында терс байланыш бар экендигин айтууга болот. Жумушсуздук 1%га жогорулаганда, башка өзгөрмөлөр туруктуу болсо балдардын өлүү коэфициенти болжол менен 1бирдикке көбөйөт жана жумушсуздук балдардын өлүү коэфициентиндеги өзгөрүүнүн 7%ын түшүндүрөт.

Регрессиялык моделдин ишенимдүүлүгүн көрсөтүүчү калдыктардагы автокорреляцияны текшерүү үчүн LM тести, калдыктардын нормалдуу таркалышы тести, өзгөрүүчү вариация тести, моделдин жалпысынан маанилүүлүгүн көрсөтүүчү Ramsey RESET тести жана да берилиштердеги структуралык өзгөрүүлөрдү текшерүүчү CUSUM тесттери түзүлгөн моделдин жана эсептөөнүн жыйынтыктарынын ишенимдүү экендигин далилдөөдө. Ал эми жогорудагы Грейнжер себептүүлүк тестинин натыйжасында түзүлгөн регрессиялык байланыштардын t-статистикасы маанисиз болуусу, башка өзгөрмөлөр арасында байланыштын жогунан кабар берет.

**Жыйынтык жана сунуштар**

Анализ жыйынтыктары туризм кирешелери жана экономикалык өнүгүү арасында эки тараптуу байланыш бар экендигин көрсөткөн. Тагыраак айтканда Кыргызстанда туризм кирешелеринин өнүгүүсү өлкө экономикасына оң таасир берсе, ошол эле учурда экономиканын өнүгүүсү туризм секторунун өнүгүүсүнө оң саасир бере тургандыгы аныкталган. Изилдөөдө каралган жылдарда башка өзгөрмөлөр туруктуу деп кабыл алсак, туризм кирешелери 1%га көбөйгөндө, ички дүң өндүрүш 0.25%га көбөйгөндүгү, ал эми киши башына түшкөн ички дүң өндүрүм 1%га көбөйгөндө, туризм кирешелери 1.4%га көбөйгөндүгү далилденген.

Туризм сектору өлкөнүн эң негизги экономикалык приоритети катары каралганына карабастан, экономиканын өнүгүү критерийлери катары изилдөөдө алынган жумушсуздук, балдардын өлүү коэфициент, керектөө баа индекси сыяктуу көрсөткүчтөргө туризм кирешелеринин көбөйүүсү эч кандай таасир берген эмес, алардын ортосунда эч кандай байланыш жок экендиги аныкталган, бул Кыргызстандын бай туризм потенциалын толук колдонбогондугунан кабар берет.

Алынган жыйынтыктарга байланыштуу жалпысынан төмөндөгүдөй экономикалык-саясий сунуштарды жасоого болот:

- туризм секторун стимулдаштырган саясаттарды диверсификациялоо жана өлкөнүн таанылуусуна көңүл буруу;
- мамлекеттик жана жеке менчик секторун мотивациялоо аркылуу туризм секторунун экономикалык өнүгүүдөгү ролун арттыруу керек;
- мамлекет туризмге болгон талапты арттыруучу жана туризм сунушундагы өсүүнү тездетүүчү саясаттар аркылуу секторду уюштуруусу зарыл.

Курулган моделде өзгөрүүчүлөр: өнүгүү критерийлери катары: дүң ондүрүм, киши башына түшкөн ички дүң ондүрүм, жумушсуздук саны, балдардын өлүү коэфициенти жана керектөө баа индекси, ал эми туризмди чагылдыруучу катары туризм кирешелери жана келген туристтердин саны алынган. Изилдөө колдонгон ыкма жана жогоруда аталган өзгөрмөлөрдүн чегинде жасалды. Ошондой эле табылган жыйынтыктар курулган модель менен чектелет. Ошондуктан мындан кийинки изилдөөлөрдө өнүгүү критерийи катары көрүлгөн башка өзгөрмөлөрдү колдонуп же башка модель куруп теманы изилдөөгө болот.

Колдонулган адабияттар

1. Dıamond, J. (1977), Tourism’s Role in Economic Development: the Case Reexamined, Economic Development and Cultural Change, 25 (3): 539-553.

2. Copeland, B. R. (1991), Tourism, Welfare and De-industrialization in a Small Open Economy, Economica, 58, November, 515-529.

3. Papatheodorou, A. (1999), The Demand for International Tourism in the Mediter-ranean Region, Applied Economics, 31, 619-630.

4. Cho, V. (2003), A Comparison of Three Different Approaches to Tourist Arrival Forecasting, Tourism Management, 24, 323-330.

5. Pızam, A. (1999), Life and Tourism in the Year 2050, International Journal of Hospitality Management, 18, 331-343.

6. Göymen, K. (2000), Tourism and Governance in Turkey, Annals of Tourism Research, 27 (4), 1025-1048.

7. Marcouiller, D. W., K. K. Kim, ve S. C. Deler (2004), Natural Amenities, Tourism and Income Distribution, Annals of Tourism Research, 31(4), 1031-1050.

8. Кыргыз Республикасынын Улуттук Статистика Комитети (2013) Кыргызстандагы Туризм 2009-2013. - Бишкек.

9. Kim, J. H., Chen, M.H., Jang, S.S.2006 Tourism Expansion and Economic Development: the Case of Taiwan. Tourism Management, 27: 925–933.

10. Skernitt, D. ve Huybers, T.2005 The Effect of International Tourism on Economic Development: An Empirical Analysis, Asia Pacific Journal of Tourism Research. 10 (1): 23-43.

11. Brenner, L. ve Aguilar, A. G. 2002 Luxury Tourism and Regional Economic Development in Mexico,The Professional Geographer, 54 (4): 500-520.

12. Andrew, Barry P. 1997 Tourism and the Economic Development of Cornwall, Annals of Tourism Research, 24 (3): 721–735.